DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Кендирбаева А.Ж., Темирбекова Н.А., Майрамбек уулу К.*

# САРЫ-ЧЕЛЕК БИОСФЕРАЛЫК КОРУГУНДАГЫ ЖАҢГАК МӨМӨ-ЖЕМИШ ТОКОЙЛОРУНУН АБАЛЫ

*Кендирбаева А.Ж., Темирбекова Н.А., Майрамбек уулу К.*

# СОСТОЯНИЕ ОРЕХОВО-ПЛОДОВЫХ ЛЕСОВ В САРЫ-ЧЕЛЕКСКОМ БИОСФЕРНОМ ЗАПОВЕДНИКЕ

*A. Kendirbaeva, N. Temirbekova, Mairambek uulu K.*

# THE CURRENT STATEMENT OF WALNUT-FRUIT FORESTS OF SARY-CHELEK BIOSPHERE RESERVE

*УДК: 581.9:634.5 (575.2) (04)*

*Макалада Сары-Челек биосфералык коругунун өсүмдүктөрүн изилдөө тарыхы жана гумиддик өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү каралды. Аталган аймактын жаңгак мөмө-жемиш токойлоруна кеңири мүнөздөмө берилди. Кийинки 15-20 жылдын аралыгында айыл чарба тармактарында олуттуу өзгөрүүлөр болууда. Айыл чарбасында эмгектенген калк дыйканчылык боюнча алган кирешенин туруксуздугуна, өндүрүлгөн түшүмдүн баасынын бирде жогору, бирде кескин төмөндөшүнө байланыштуу мал чарбачылыгы кирешелүү тармак экендигине баа беришип, малдын санын өстүрүүгө умтулууда. Азыркы учурда ушул себептерге байланыштуу республикадагы токойлордун аянттары кыскарып, жайыттардын жана чабындылардын сапаттык көрсөткүчтөрү начарлоодо. Токойлордун табигый жол менен калыбына келүүсү өтө начар. Бул көрүнүштү Түштүк Батыш Теңир-Тоодогу жаңгак мөмө-жемиш токойлору боюнча иликтеген учурда токойдун табигый жол менен калыбына келүүсү Сары-Челек биосфералык коругунда гана канаатандыраарлык абалда экендигин белгилөөгө болот. Коруктан сырткары жаңгак мөмө-жемиш токойлорунунда адамдын чарбачылык иштеринин (малды чар-жайыт жаюу, токойду кыюу) натыйжасында жаңгак мөмө-жемиш токойлорунун абалы канаатандыраарлык эмес.*

***Негизги сөздөр**: флора, өсүмдүктөр, жаңгак мөмө-жемиш токойлору, эфемероиддер, биосфералык корук, чарбачылык иштер, табигый жол, калыбына келтирүү.*

*В статье рассмотрены история исследования растительности и специфические черты гумидной растительности Сары-Челекского биосферного заповедника. Дана подробная характеристика растительности орехово-плодовых лесов района исследования. В отраслях сельского хозяйства последние 15-20 лет происходят сильные изменения. Работники сельского хозяйства из-за нестабильности получения прибыли в растениеводстве, считают приоритетным скотоводство и увеличивают поголовья скота. В настоящее время из-за увеличения поголовья скота уменьшаются площади лесов, ухудшаются качество сенокосов и пастбищ. Естественное возобновление леса очень слабое. В результате мониторинга орехово-плодовых лесов Юго-Западного Тенир-Тоо можно отметить, что удовлетворительное естественное возобновление наблюдается только в пределах Сары-Челекского биосферного заповедника. На сопредельных территориях биосферного заповедника в результате сильного антропогенного прессинга (интенсивного выпаса скота и вырубки деревьев) состояние орехово-плодовых лесов неудовлетворительное.*

***Ключевые слова:** флора, растительность, орехоплодовые леса, эфемероиды, биосферный заповедник, хозяйственные работы, природные пути, восстановление.*

*The scientific article discusses the history of vegetation research and the specific features of the humid vegetation of the Sary-Chelek Biosphere Reserve. A detailed characteristics of the vegetation of the walnut-fruit forests of the study area is given. In the last 15-20 years there have been significant changes in the agricultural branches. Agricultural workers, consider livestock breeding a priority and increase the number of livestock, due to the instability of making a profit in crop production. At present, due to the increase in the number of livestock, forest areas are decreasing, and the quality of hayfields and pastures is deteriorating. Natural reforestation is very weak. As a result of monitoring the walnut-fruit forests of the South-Western Tenir-Too, it can be noted that satisfactory natural regeneration is observed only within the Sary-Chelek Biosphere Reserve. In the adjacent territories of the biosphere reserve, as a result of strong anthropogenic pressure (intensive grazing and cutting down of trees), the state of walnut-fruit forests is unsatisfactory.*

***Key words**: flora, vegetation, nut-fruit forests, ephemeroids, biosphere reserve, household work, natural paths, restoration.*

Флорасынын курамы бай, адам баласынын чарбачылык иштеринин таасири жокко эсе, көргөн адамдын эсинен кеткис ажайып кооз Сары-Челек коругунун өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдеген окумуштуулардын эмгектери жана авторлордун рекогноцировкалык мониторингтери боюнча маалыматтар келтирилди. Фергана жана Чаткал кырка тоолорундагы таралган реликт жаңгак мөмө-жемиш токойлорунун азыркы мезгилдеги абалына баа берген учурда аталган аймактагы абалы жакшы токой массивине Сары-Челек биосфералык коругунун токойлорун белгилөөгө болот.

Сары-Челек биосфералык коругунун өсүмдүктөр дүйнөсү тууралуу 1896-жылы С.И. Коржинский [1] «Очерки растительности Туркестана» аттуу эмгегинде кыскача маалымат берген.

1925-1926-жылдары профессор Д.Н. Кашкарев [2] жетектеген Орто Азиянын башкы музеи тарабынан уюштурулган экспедиция Сары-Челек көлүнө келген. Экспедициянын катышуучулары тарабынан изилденип жаткан аймактын флорасы жана фаунасы изилденген. Коруктун аянтындагы ландшафттарды 3 алкакка:

1. Жазы жалбырактуу токой алкагы (1350-2100 м деңиз деңгээлинен бийиктикте);
2. Ийне жалбырактуу токой алкагы (2000-3000 м деңиз деңгээлинен бийиктикте);

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



3. Бореалдык арктикалык алкакка (2800-4000 деңиз деңгээлинен бийиктикте) бөлүп карашкан.

Түштүк Кыргызстандагы жаңгак мөмө-жемиш токойлорун типлогиялык жактан изилдөө С.Я. Соколов [3] тарабынан жүргүзүлгөн жана окумуштуу бул эмгегинде өсүмдүктөрдү 7 топко бөлүп караган.

Е.В. Лавренко менен С.Я. Соколов [4] «Растительность плодовых лесов и прилегающих районов Южной Киргизии» деген китебинде Түштүк Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн бийиктик алкактуулугунун схемасын түзүшүп, ар бир өсүмдүктөрдүн алкагына толук мүнөздөмө беришкен. Окумуштуулар бөлүп караган беш алкактын үчөө: токой, субальп жана альп алкактары орун алган.

Н.И. Рубцов [5] Сары-Челектин өсүмдүктөр дүйнөсүн Батыш Теңир-Тоонун тутумуна кирет деп белгилеген. Дарактардын жана бадалдардын түрдүк курамына жараша үч топко: «таза жаңгак», ак чечектүү-жаңгак жана алмалуу-жаңгак токойлоруна бөлүп караган.

Сары-Челек биосфералык коругунун өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөөдө Х.У. Борлаков менен А.Г. Головкова [6] маанилүү илимий эмгек жазышкан. Бул окумуштуулардын маалыматтары боюнча бул аймакта төмөнкү өсүмдүктөрдүн жалпылыктары: жалбырактарын күбүүчү тоолуу аймактардыга токойлор; арча токойлору жана сейрек токойлору; тоо алкагындагы тайга; жалбырактарын күбүүчү бадалдар: шалбаалар жана саздар каралган.

Жалбырактарын күбүүчү тоолуу аймактардыга токойлор аталган аймактын жалпы аянтынын 40% ээлейт, башкача айтканда 2100 га аянтка мүнөздүү [6]. Тоо капталдарынын теской беттеринде, деңиз деңгээлинен 1200 м ден 2100 м ге чейинки алкакты ээлешет.

Фергана жана Чаткал кырка тоолорундагы таралган реликт жаңгак мөмө-жемиш токойлорунун азыркы мезгилдеги абалына баа берген учурда аталган аймактагы абалы жакшы токой массивине Сары-Челек биосфералык коругунун токойлорун белгилөөгө болот. Кийинчерээк М.А. Черемных коруктун өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдеген.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алган мезгилден баштап өсүмдүктөр дүйнөсүнө адам баласынын чарбачылык иштеринин таасири өзгөрүлдү. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары колхоз, совхоздорго таандык малдын калкка бөлүнүшү жана бөлүнгөн малды асырап алууга айыл-кыштактардагы элдин даяр эместиги республикадагы малдын санынын кескин азайышына алып келген.

Республика эгемендүүлүктү алгандан кийинки 15-20 жылдын аралыгында айыл чарбасында олуттуу өзгөрүүлөр болду. Айыл жергесинде жашаган калк дыйканчылык боюнча алган кирешенин туруксуздугуна, өндүрүлгөн түшүмдүн баасынын бирде жогору, бирде кескин төмөндөшүнө байланыштуу мал чарбачылыгы кирешелүү тармак экендигине баа беришип, малдын санын өстүрүүгө умтулууда. Ушундай олуттуу экономикалык себептерге байланыштуу республикадагы токойлордун, жайыттардын жана чабындылардын сапаттык көрсөткүчтөрү начарлоодо. Токойлордун табигый жол менен калыбына келүүсү өтө начар. Бул көрүнүштү Түштүк Батыш Теңир-Тоодогу жаңгак мөмө-жемиш токойлору боюнча иликтеген учурда токойдун табигый жол менен калыбына келүүсү Сары-Челек биосфералык коругунда канаатандыраарлык абалда экендигин белгилөөгө болот.

Корук уюшулган мезгилден баштап изилденип жаткан аймакта мал жаюуга толугу менен тыюу салынган. Токойдон алынуучу дарак ресурстарына кирбеген продукция катары бал өндүрүп алуу иштери жакшы жолго коюлган. Бул алкактагы бийик чөптүү шалбааларды чабынды катары пайдаланууда чабыкты баштоо жана жүргүзүү иштери кылдаттык менен аткарылат.

Сары-Челекке жанаша жайгашкан коктуларда өсүмдүктөргө, өзгөчө дарактарга жана бадалдарга чарбачылык иштердин ыксыз күч алышы табигый кырсыктар менен коштолууда. Мындай жагымсыз көрүнүштөрдүн болушу малдын санынын кескин көбөйүшү менен байланыштуу келет.

Бул аймактарга түшүүчү жаан-чачындын көпчүлүк бөлүгү жаз, жай айларына туура келет. Токойлуу, бадалдуу аянттарда түшкөн жамгырдын белгилүү бир бөлүгү дарактардын, бадалдардын жалбырактарында, сөңгөктөрүндө жана тамырларында кармалып, кыртыштын бетине акырындык менен тарайт. Ал эми дарактары, бадалдары жок, чөп өсүмдүктөрүнүн топурак кыртышты каптоосу начар тоо беттеринде селдердин, жер көчкүлөрдүн болуп кетүү коркунучу көп. Өткөн жылы июнь айында болгон адамдындын өлүмү менен коштолгон табигый кырсык дагы биздин табиятты кирeше алуунун булагы катары карап, өсүмдүктөр дүйнөсүн ыксыз пайдалануунун кесепети экендигин белгилөө зарыл.

Азыркы учурда биосфералык коруктагы өсүмдүктөргө адам баласынын тийгизген таасирине баа берүүдө рекреациялык жактан өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жабыр тарткан көрүнүштөрүн белгилөөгө болот. Эң жөнөкөй мисал катары, жогору умтулган мандалактын айрым эс алуучулар тарабынан үзүлүп, жабыркаган учурлары кездешет.

Мындай көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн калк арасына жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жеткиликтүү маалыматтарды берүү, табият байлыктарын сактоо, аяр мамиле кылууга үндөө иштерин жүргүзүү аркылуу жетише алабыз. Бул багыттагы иш чараларды жүргүзүүдө коңшулаш Казакстандагы “Аксу Жабаглы” коругунун кызматкерлеринен үлгү алуубуз зарыл. Аксу Жабаглыга келген эс алуучуларды 8-10 адамдан биргелештирип бир топ кылып ар бир топту

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



коштоп жүрө турган бирден кызматкер бар. Коруктагы кызматкерлердин саны жүзгө жакын. Ал эми биздин Сары-Челек коругунун кызматкерлеринин саны чектелүү, анча чоң эмес санда. Коруктуга келип эс алуучулардын саны пандемия учурунда дагы жогорку көрсөткүчкө жетти. Пандемия учурунда жергиликтүү калк Кыргызстандын ар тарабынан келип эс алганына күбө болдук. Жергиликтүү калктын экотуризмдик максат менен республиканын аймагындагы ажайып кооз жерлерине барып эс алуусу XXI кылымдагы калктын ден соолукка кам көрүүсүндөгү жакшы саамалык.

Белгилей кетүүчү нерсе, бардык учурда эле эс алуучулар тарабынан табиятка аяр мамиле жасаган учурлар сейрек кездешет. Эс алуучулар тарабынан өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жабыкашын «рекреациялык дигрессия» [7] деп белгилешет. Дигрессиянын бул түрүнүн жайыт дигрессиясына окшоштук жактары бар. Аларга өсүмдүктөрдүн тапталышы, өсүмдүктөрдүн жерден жогорку бөлүктөрүнүн эс алуучулар тарабынан жабыркашы түз таасир катары каралып, ал эми топурак кыртышынын ныкталышы кыйыр таасир катары белгиленет. Токойлордо өсүмдүктөрдүн тапталышынын терс таасири токой төшөндүсүнүн акырындык менен деградацияга учурашына, топурак бетиндеги өсүмдүктөрдүн калдыктарынын тез арада майдаланып, кыртыштын бетине ныкталышына алып келет. Топурак ныкталып, андагы бүртүкчөлөрдүн саны кескин азаят. Бул көрүнүш өз кезегинде топурактын нымды өзүнө сиңирүүсүнө бөгөт болот. Натыйжада токойдогу дарактар, бадалдар жана чөп өсүмдүктөрү да жабыркашат.

**Адабияттар:**


1. Коржинский С. И. Очерки растительности Туркестана / С.И. Коржинский // Зап. имп. Акад. наук. - СПб., 1896. - Т. 4, № 4. - С. 1-112.
2. Кашкаров Д.Н. Результаты экспедиции Главного Средне-азиатского музея в район оз. Сары-Чилек. // Труды САГУ , серия VIII, вып. 2. - Ташкент, 1927.
3. Соколов С.Я. Грецкий орех Южной Киргизии и изменчивость его плодов. В сб.: Плодовые леса Южной Киргизии и их использование». - М.-Л. Изд. АН СССР, 1949.
4. Соколов С.Я., Лавренко Е.М. Ботанические исследования Южно-Киргизской экспедиции 1944. Академия наук СССР // Сов. ботаника. - Т. 13, № 3. - С. 71-72
5. Рубцов Н.И. Горные плодовые леса и горные кустарники. «Растиельный покров СССР». - М.-Л. Изд. АН СССР, 1956.
6. Борлаков Х.У., Головкова А.Г. Растительность Сары-Челекского заповедника. // Труды Сары-Челекского заповедника. - Выпуск IV. - Фрунзе, 1971. - 99 с.
7. Черемных М.А. Растительность Сары-Челекского биосферного заповедника. - Братск, 1995. - 295с.
8. Работнов Т.А. Фитоценология. - М., 1983. - 296 с.
9. Эралиева Н.М. Кариотипы *Dryomus nitedula pall u Sylvaemus sylvaticus linnaeus* государственного биосферного заповедника Сары-Челек. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2016. - №. 6. - С. 64-66.
10. Турсуналиева М.Т., Кендирбаева С.К. Некоторые особенности биологии гнездования воробьиных в лесополосье биосферного заповедника Сары-Челек. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 5. - С. 162-165.